**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**НАРЫН ШААРДЫК МЭРИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МЭРИЯ ГОРОДА НАРЫН**

БУЙРУК

№_313-б__

«_08____»___сентябрь__ 2017-ж. Нарын ш.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн**
**2017-жылдын 24-июлундагы №449 токтому**
**жөнүндө**

Балдар иштери боюнча комиссиясынын ишин өркүндөтүү максатында,Кыргыз Республикасынын Балдар жнүндө кодексинин 26-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 17-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 24-июлундагы №449 токтомун аткаруу максатында, буйрук кылам:

1. Нарын шаардык мэриясынын 2016-жылдын 10-февралындагы №36-б буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 24-июлундагы №449 токтомуна ылайык Балдар иштери боюнча комиссиянын жобосу бекитилсин (жобо тиркелет).

3. Нарын шаардык мэриясынын алдындагы Балдар иштери боюнча комиссиясынын курамы бекитилсин (курамы тиркелет).

4.Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Нарын шаарынын вице - мэри С. Эсенамановага милдеттендирилсин.

**Мэр** **Э.Алымкулов**

**Визалар** **С.Эсенаманова**

**М.Бабаев**

**Б.Ширинбекова**

**Даярдаган** **А.Мурзаканова**

Жөнөтүлсүн: иш кагазга, комиссия мүчөлөрүн

2017-жылдын «_08___»__0 №_313- б
буйругуна тиркеме

**Нарын шаардык мэриясынын алдындагы**
**«Балдар иштери боюнча» комиссиянын курамы:**

- Нарын шаарынын вице-мэри,комиссиянын төрайымы;

- Нарын шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы, комиссиянын төрайымдын биринчи орун басары;

- «Баястан» бейөкмөт уюмунун жетекчиси, экинчи орун басары;

- Нарын шаардык мэриясынын башкы адиси,комиссиянын катчысы;

мүчөлөрү:

-Нарын шаардык мэриясынын социалдык-маданий өнүктүрүү секторунун сектор башчысы;

- Нарын шаардык мэриясынын башкы адис-юристи;

-Нарын облустук үй-бүлөлүк медицина борборунун директорунун орун басары;

-Нарын шаардык социалдык өнүгүү башкармалыгынын үй бүлө жана балдарды коргоо бөлүмүнүн башчысы;

-Нарын шаардык ички иштер бөлүмүнүн начальнигинин орун басары;

-миграция тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнүн өкүлү;

- «Ай мээри» коомдук бирикмеси;

**Нарын шаардык мэриясынын**
**башкы адиси** **А.Мурзаканова**

## Балдар иштери боюнча комиссия жөнүндө типтүү жобо

### 1. Жалпы жобо

1. Балдар иштери боюнча комиссия турмуштук оор кырдаалда калган балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо маселелери боюнча Балдар иштери боюнча комиссиянын иш тартибин аныктайт.

Комиссия мезгилдүү негизде өз ишин жүргүзгөн турмуштук оор кырдаалда калган балдарды коргоо системасынын коллегиялык органы болуп эсептелет.

2. Комиссия:

- Нарын шаардык мэриясынын алдында түзүлөт.

3. Комиссия өз ишинде турмуштук оор кырдаалда калган балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерди жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

4. Комиссия өз ишинде төмөнкү принциптерди жетекчиликке алат:

- баланын укуктарынын жана кызыкчылыктарынын биринчи орунда экендигин таануу;
- балдарга гумандуу мамиле жасоо;
- алынган маалыматтын купуялуулугун сактоо менен балдарга жекече мамиле жасоо;
- баланын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузгандыгы үчүн кызмат адамдарынын, ата-энелердин же башка мыйзамдуу өкүлдөрдүн жоопкерчилигин камсыздоо;
- баланын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо маселелери боюнча баланын ата-энеси жана башка мыйзамдуу өкүлдөрү менен өз ара аракеттенүү;

5. Комиссиянын жобосу жана курамы ушул Типтүү жобонун негизинде шаардык мэриянын чечими менен бекитилет.

6. Комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет:
1) ички иштер органынын өкүлү;
2) билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдын ыйгарым укуктуу өкүлү;
3) саламаттык сактоо тармагындагы мамлекеттик органдын ыйгарым укуктуу өкүлү;
4) балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын өкүлү;

5) миграция тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын өкүлү;

6) жаза аткаруунун аймактык мамлекеттик органынын өкүлү;

7) жергиликтүү мамлекеттик администрациянын же шаардык мэриянын өкүлү;

8) турмуштук оор кырдаалда калган балдарга жана үй-бүлөлөргө социалдык кызматтарды жана башка кызматтарды көрсөткөн жарандык коомдун өкүлдөрү (макулдашуу боюнча) кирет.

7. Шаардык мэриянын социалдык маселелерди тейлеген вице-мэри Комиссиянын төрагасы болуп саналат.

8. Комиссиянын төрагасынын эки орун басары болот. Биринчи орун басары мамлекеттик органдын аймактык түзүмдүк бөлүмүнүн өкүлү, экинчи орун басары жарандык коомдун өкүлү болуп эсептелет.

9. Жарандык коомдун комиссия мүчөлөрү өз калоосу менен шаардын мэрине жазуу жүзүндөгү арызы менен кайрылып, Комиссиянын курамынан чыга алышат.

10. Комиссиянын курамынан жарандык коомдун мүчөлөрү Комиссиянын төрагасынын сунушу боюнча, шаардык мэриянын чечими менен төмөнкү учурларда чыгарылышы мүмкүн:

- жүйөлүү себепсиз катары менен үч жолу Комиссиянын жыйындарына катышпаганда (жүйөлүү себеп болуп төмөнкүлөр эсептелет:ишке жарамсыздык мезгили, иш сапарда болуу, эмгек өргүсүү,окуу);

- комиссиянын жыйынында жүрүм-турумдун, моралдык-этикалык ченемдерин сактабаганда;

-комиссиянын протоколдук чечимдеринен келип чыккан тапшырмаларды эки жолудан ашуун аткарбаганда.

Аймактык мамлекеттик органдардын бөлүмдөрүнүн Комиссия мүчөлөрүнө Комиссиянын иш тартибин бузгандыгы үчүн Комиссиянын төрагасынын сунушу менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартип жаза чарасы колдонулушу мүмкүн.

11. Комиссия квартал сайын жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысына шаарда жашаган, турмуштук оор кырдаалга калган балдардын жана үй бүлөлөрдүн абалы жөнүндө отчет берет.

**2. Комиссиянын максаты, милдеттери жана укуктары**

12. Комиссиянын максаты турмуштук оор кырдаалда балдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыздоо болуп эсептелет.

13. Комиссиянын милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- аймактык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коммерциялык эмес уюмдардын жана турмуштук оор кырдаалда калган балдарды коргоо чөйрөсүндөгү жарандардын өз ара кызматташтыгын камсыздоо;

- турмуштук оор кырдаалда калган балдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоону камсыздоо;

- баланын укуктарын бузууга жол бербөө боюнча алдын алуу иш-чараларды өткөрүү;

- жашы жете электердин, алардын ата-энелеринин же башка мыйзамдуу өкүлдөрүнүн административдик тартип бузуулары тууралуу материалдарды (иштерди) өз компетенциясынын чегинде карап чыгуу;

14. Комиссия төмөнкүлөргө укуктуу:

- Комиссиянын карап чыгуусуна киргизилген материалдарга (иштер) карата адамдардын жашаган жери же иштеген жери боюнча көчмө жыйынды өткөрүүгө;

-баланын укуктарын бузуу боюнча материалдарды текшерүүгө;

-үй бүлө менен жекече иштөө планында жана/же баланы коргоо боюнча жекече планда каралган иш-чараларды алар аткарбаган учурда кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунушту белгиленген тартипте киргизүүгө;

-алардын укуктарын коргоо үчүн турмуштук оор кырдаалда калган балдары бар үй бүлөлөргө барууга;

- уюштуруу-укук формасына жана менчик формасына карабастан аймактык мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан өз ыйгарым укуктарын жүргүзүү үчүн маалымат суроого жана алууга;

-өз компетенциясынын чегинде балдарды коргоо маселелери боюнча кеңеш берүүгө;

**3. Комиссиянын функциялары**

15. Алдыга коюлган милдеттерди чечүү үчүн Комиссия төмөнкүдөй функцияларды жүзөгө ашырат:

1) турмуштук оор кырдаалга калган баланын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргойт;

2) балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн сунушу боюнча төмөнкүлөрдү:

- Кыргыз Республикасынын жарандарынын бала асырап алуучу ата-эне болуу мүмкүнчүлүг тууралуу материалдарды;

-ээликтен ажыратуу, анын ичинде камкордукка алынган баланын мүлкүн алмашуу же белекке берүү, аны жалдоого (ижарага) берүү, кайтарымсыз пайдаланууга же күрөөгө коюу, анын мүлкүн бөлүштүрүү же аны үлүштөргө бөлүү, ошондой эле камкордукка алынгандын мүлкүнүн азайышына алып келүүчү ар кандай бүтүмдөрдү жасоого алдын ала уруксат берүүчү долбоорлорду;

- интернат тибиндеги мекемелердин бүтүрүүчүлөрдү интернаттан кийин коштоону уюштуруу маселелерин;

-баланы коргоо боюнча жеке пландын долбоорун;

- үй бүлө менен иштөөнүн жекече планынын долбоорун;

-баланы коргоо боюнча жекече планга жана/же үй бүлө менен жекече иштөө планына киргизилген өзгөртүүлөрдү жана/же толуктоолорду карап чыгат.

3) турмуштук оор кырдаалда калган баланы коргоо боюнча жекече планды жана үй бүлө менен жекече иштөө планынын аткарылышына мониторинг жана контроль жүргүзөт;

4) Кыргыз Республикасынын административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине ылайык ички иштер органы берген жашы жете электер, алардын ата-энелери же мыйзамдуу өкүлдөрү жасаган административдик укук бузуулар тууралуу материалдарды (иштерди) карайт;

5) төмөнкү фактылар жөнүндө материалдарды тезинен карайт:

-жашы жете электердин коомдук коркунучтуу иштерди жасоосу;

-жашы жете электердин суициддик жүрүм-турумунун байкалышы;

-балдарга карата ырайымсыз мамиле (зомбулук);

6) турмуштук оор кырдаалда калган балдардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен төмөнкүлөргө багытталган түшүндүрүү иштерин жүргүзөт:

-ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) балдарды тарбиялоо жана багуу боюнча милдеттерди талаптагыдай аткарбоосу;

-балдарга карата ырайымсыз мамиле (зомбулук) жасоо;

-жашы жете электердин укук бузууларды кайталап жасоосу;

-чет өлкөлүк мамлекеттердин аймагында куралдуу чыр чатактар же аскердик иш-аракеттер зонасынан балдарды алып кетүү:

-жашы жете электердин арасындагы эрте никелешүү;

16. Комиссиянын төрагасы төмөнкү функцияларды аткарат:

- Комиссиянын ишин жетектейт;

- Комиссиянын жыйынына төрагалык кылат жана анын ишин уюштурат;

- Комиссиянын жыйынында добуш берүүдө чечүүчү добуш берүүчү укукка ээ;

- Комиссиянын жыйынынын күн тартибин бекитет;

- Комиссиянын жыйынынын датасын дайындайт;

- Комиссиянын ишинин планын жыл сайын бекитет;

- Комиссиянын компетенциясына кирген маселелер боюнча Комиссиянын төрагасынын орун басарына, Комиссиянын катчысына, Комиссиянын мүчөлөрүнө аткарууга тапшырма берет;

- материалдарды карап чыгууда Комиссия мүчөлөрү жүрүм-турумдун моралдык-этикалык ченемдерин сактоосун, балдарга жекече мамиле жасоосун жана алынган маалыматтын купуялуулугун сактоосун камсыздайт;

- Комиссиянын ишин уюштургандыгы жана турмуштук оор кырдаалда калган балдардын жана үй бүлөлөрдүн абалы жөнүндө берилген отчеттордун аныктыгы үчүн жоопкерчиликтүү болот;

- Комиссиянын жыйынынын протоколдоруна кол коёт;

- Комиссиянын иш планынын жана чечимдеринин аткарылышын контролдойт;

17. Комиссиянын төрагасынын биринчи орун басары:

- Комиссиянын төрагасынын тапшырмасын аткарат;

- Комиссиянын төрагасы жок кезде анын милдеттерин аткарат;

- Комиссиянын чечимдеринин аткарылышын контролдоону камсыздайт;

18. Комиссиянын төрагасынын экинчи орун басары:

- Комиссиянын төрагасынын тапшырмасын аткарат;

- -Комиссиянын жыйынында каралуучу материалдарды өз убагында даярдалышын контролдойт;

19. Комиссиянын мүчөлөрүнүн функциялары:

- Комиссиянын жыйындарына катышат;

-Комиссиянын жыйынына киргизилген материалдар менен алдын ала таанышат;

- турмуштук оор кырдаалда калган балдарды жана үй бүлөлөрдү эрте аныктоо боюнча иштерди өркүндөтүү, алардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо сунуштарын киргизет;

-кабыл алынган чечимдер боюнча Комиссияда добуш берүүгө жана каралган маселени талкуулоого катышат;

- Комиссиянын төрагасынын тапшырмасын аткарат.

20. Комиссиянын катчысынын функциялары:

- Комиссиянын жыйынында карап чыгуу үчүн материалдарды даярдайт;

-Комиссиянын төрагасынын жана төрагасынын орун басарынын тапшырмасын аткарат;

- Комиссиянын иш кагаздарын жүргүзүүгө жоопкерчиликтүү болот;

-жыйынга үч күн калганга чейин Комиссиянын карап чыгуусуна киргизилгенмаселелерге тийиштүү материалдар менен Комиссия мүчөлөрүн тааныштыруу үчүн күн тартибин жиберет, жыйындын датасы жөнүндө материалдарды карап чыгуучу адамдарды кабардар кылат;

- Комиссиянын жыйынынын протоколун түзөт жана тариздейт,протоколдук чечимдин көчүрмөсүн даярдайт;

- Комиссиянын протоколунун негизинде мэриянын баланы коргоо боюнча жекече планын же үй бүлө менен жекече иштөө планын бекитүү жөнүндө чечим долбоорун даярдайт;

- баланы коргоо боюнча жекече планын же үй бүлө менен жекече иштөө планынын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн, алар бекитилген күндөн тартып эки иш күндүн ичинде көрсөтүлгөн пландардын иш-чараларын аткаруучуларга жиберет.

**4.Комиссиянын иштерди кароосунун тартиби**

21. Комиссиянын ишин жергиликтүү мамлекеттик администрацияда же шаардык мэрияда туруктуу негизде иштеген катчы тарабынан уюштурулат. Комиссиянын катчысы добуш берүү укугуна ээ эмес. Комиссиянын жыйыны иш планга ылайык, ошондой эле зарылдыгына жараша өткөрүлөт. Комиссиянын жыйыны аларга Комиссия мүчөлөрүнүн көпчүлүгү катышса ыйгарым укуктуу деп эсептелет. Комиссия мүчөлөрү жыйынга алмашуу укугусуз катышышат.

22. Комиссия түшкөн материалдарды келген күндөн баштап 10 календардык күндөн ашпаган мөөнөттө карайт. Комиссиянын кворуму же иши карала турган адамдар жок учурда, Комиссиянын төрагасы 5 жумуш күндөн ашпаган мөөнөткө ишти кароо мөөнөтүн узартуу чечимин кабыл алат.

23. Комиссиянын катчысы күн тартибин алгандан кийин Комиссия мүчөлөрүн Комиссиянын жыйыны башталганга чейин эки күн мурда материалдар менен тааныштырат.

24. Комиссиянын жыйыны өздөрүнө карата өткөрүлүп жаткан жашы жете электер, алардын ата-энелери же башка мыйзамдуу өкүлдөрү Комиссиянын катчысындагы материалдар (иштер) менен таанышууга укуктуу.

25. Комиссиянын чечими кворум болгон учурда Комиссия мүчөлөрүнүн көпчүлүк жөнөкөй добушу менен ачык добуш берүүдө кабыл алынат жана протокол менен жол жолоолоштурулат. Комиссия мүчөлөрүнүн добуштары тең чыккан учурда төрагалык кылуучунун добушу чечүүчү болуп эсептелет. Комиссиянын жыйынынын протоколуна төрагалык кылуучу жана Комиссиянын катчысы кол коёт.

26. Протокол каралып жаткан маселенин датасын жана жыйындын өткөрүү ордун, каралган ишке катышуучу адамдардын келгендиги тууралуу маалыматтарды көрсөтүү, алардын түшүндүрүүлөрүн кыскача жазуу менен, ошондой эле ишти карап чыгуунун жыйынтыгы боюнча кабыл алынган чечимди жана ага даттануу тартиби менен түзүлөт.

27. Ар бир каралган материалд боюнча Комиссиянын протоколдук чечимин ишке ашыруу максатында протоколдун чечиминин көчүрмөсү жол-жоболоштурулат, ага Комиссиянын төрагасы жана катчысы кол коет.

28. Комиссиянын чечимине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот тартибинде даттанууга болот.